КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
ТӨРТ-ГҮЛ
АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
ТӨРТ-ГҮЛ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-ГУЛЬСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТОРТ-ГУЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2024-жылдын 8-июлдагы**
**XXVIII – чакырыгынын иреттеги ачык IV сессиясынын**

## Төрт-Гүл айыл аймагынын аймагындагы ичүүчү сууну пайдаланууга жана таштанды чыгарууга тарифти бекитүү жөнүндө

## №18-7 ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Административдик-аймактык реформаны пилоттук режимде жүргүзүү жөнүндө” №370 Жарлыгына ылайык жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айыл аймактары жана шаарлары деңгээлинде, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 11-пунктунун негизинде мурдагы Петровка айыл аймагындагы “Таза Петровка” МИнасы “Төрт-Гүл” МИ жаңы түзүлгөндүгүнө байланыштуу

Төрт-Гүл айылдык кенеши:

## ТОКТОМ ЧЫГАРАТ:

1. Ичүүчү сууну пайдалануу үчүн төмөнкү тарифтер бекитилсин:
- Беш-Терек айылдын калкы үчүн бир короодон айына – 300 (үч жүз) сом
- Петровка айылынын калкы үчүн бир кишиге айына – 60 (алтымыш) сом;
- Кызыл-Туу айылынын калкына айына бир адамдан – 30 (отуз) сом;
- Предтеченка айылынын калкына айына бир кишиге – 30 (отуз) сом.
- Аң-Арык айылынын калкы үчүн бир кишиге айына – 30 (отуз) сом.
2. Таштанды чыгаруу боюнча төмөнкү тарифтер бекитилсин:
- Петровка айылынын калкына айына бир короодон – 100 (жүз) сомдон;
- Кызыл-Туу айылынын калкына айына бир короодон – 100 (жүз) сомдон;
3. Петровка жана Беш-Терек айылдык кеңештеринин ичүүчү сууну пайдаланууга жана таштанды чыгарууга тарифти бекитүү жөнүндө мурда кабыл алынган токтомдору күчүн жоготту деп табылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.А. Байсульдаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **У. Абылдаев**